Алтыбаева М., Дауталиева Г.

*Ош МУ*

# ПРОФИЛДИК ОКУТУУНУН ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Окутуунун жана тарбиялоонун эң маанилүү элементтеринин бири болуп ар бир индивидуумга анын ички көрөңгөсүнө, шык жөндөмүнө жараша өнүгүүсүнө мүмкүндүк берүү болуп эсептелет. Бул жерде окуучунун суроо талабы да, ошондой эле коомдун суроо талабы да көңүлгө алынышы керек. Ошондуктан, бир жагынан индиви-дуумдун жөндөмү, каалосу, мүдөөсү ж.б. өтө маанилүү болсо, экинчиден, коомдун, региондун, өлкөнүн керек-төөсү, өнүгүүнүн жалпы дүйнөлүк тенденциялары да андан кем эмес олуттуу.

Профилдик окутуу азыркы этапта өлкөбүздө билим берүүнү өнүктүрүүдө кезектеги алга карай жасаган кадам десе болот .

Профилдик окутуунун негизги принциптери 2017-жылга чейинки КРнын билим берүүсүнүн өнүгүү концепциясында белгиленген. Анда жо-горку класстарда окутууну индиви-дуалдаштырууга багытталган атайын даярдыктын - профилдик окутуунун системасы иштелип чыгары айтылат. Мындай өңүттөн алганда билим берүүнүн базалык звеносу болгон жалпы билим берүүнү модерниза-циялоо окуучулар тарабынан билимдердин анык бир суммасынын өздөштүрүлүшүнө гана багыттал-бастан, анын инсандык өнүгүүсүнө, таанып билүүсүнө жана жаратман жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө ориентир алгандыкты билдирет. Жалпы билимдин учурдун талабына ылайык сапатына жетишүүнүн зарыл шарттарын түзүү максатында аткарыла турган иштер катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- билим берүү мекемелеринин мүмкүнчүлүктөрүн жана региондун өзгөчөлүктөрүн эске алган мамлекет-тик жалпы билим берүү стандарттарын жана вариативдүү базистик окуу пландарын түзүү, аларды аракетке кийрүү;
- билим берүү мекемелеринин түрдүүлүгүнүн жана билим берүү программаларынын вариативдүүлүгүнүн негизинде окутууну дифференцирлеш-тирүүнү жана индивидуалдаштырууну камсыздоо;
- жогорку класстарда профилдик окутуунун ийкемдүү системасын иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу.

Аталган иш чаралар менен окуучуларга кесиптик ориентация берүү, эмгекке тарбиялоо, жалпы компьютердик сабаттуулукту камсыз-доо иштери тыгыз байланышта.

Профилдештирүүнүн багытынын жана формасынын тигил же бул варианттарын мүнөздөөдөн алдын эмне үчүн профилдештирүү мектеп-тик билим берүүнү модернизациялоо-нун зарыл элементи экендигин түшүнүүгө аракет жасап көрөлү.

Акыркы 50 жыл ичиндеги билим берүү системасынын өнүгүшүн талдоонун негизинде бир нече моменттерди бөлүп көрсөтүүгө болот.

1. XX кылымдын орто ченинде мектептерде кружок иштеринин рамкасында б.а., сабактан тышкаркы убактарда кошумча материалдар окуп үйрөнүлгөн. Бул ишмердик аракеттеги программаларды жана окуу пландарын кайра карап чыгууну талап кылган эмес.

2. 50-жылдардын аягында жалпы билим берүүчү мектептерде айрым предметтер боюнча кошумча сабак-тарды өтүүгө руксат берилген. Неги-зинен кошумча сабактар жетишпеген

окуучуларга жардам көрсөтүү жана экзамендерге даярдоо катары жүргү-зүлгөн. Бул учурдагы ишмердик да программалардын жана окуу план-дарынын кайрадан түзүлүшүн талап кылбаган.

3. 60-жылдардын башталышында СССРдин Педагогика илимдер акаде-миясы тарабынан физикалык-техни-калык, химиялык-техникалык, биоло-гиялык-агрономиялык, гуманитар-дык багыттар боюнча дифферен-цирлештирилген окутуу системасы иштелип чыккан жана Москванын мектептеринде практикаланган. Бул көптөгөн жылдардын аралыгында аракеттеги окуу пландарын жана программаларын тактоонун, талдоо-нун алгачкы тажрыйбасы болгон.

4. Ушуга удаа СССР Илимдер академиясынын Сибирь бөлүмү Ново-сибирск шаарында физика-математи-калык жана химия-биологиялык профилдеги адистештирилген орто мектеп-интернат уюштуруп, аларда окутуунун өздүк системасын иштеп чыккан, башкача айтканда, фиксир-ленген мамлекеттик программалардан жана окуу пландарынан айрым четтөөлөргө жол коюлган.

5. 60-жылдардын орто ченинде СССРдин ири окуу-илимий борбор-лорунда (Москва, Ленинград, Киев, Новосибирск, Баку ж.б.) чет тилдер боюнча, физика-математикалык, химия-биологиялык адистештирилген мектеп-интернаттар уюштурулган. Бул мектептерде окуу пландарын жана программаларын түзүү жергиликтүү университеттерге тапшырылган. Натыйжада ар бир ЖОЖ өзү тандаган көз карандысыз жол менен кеткен, б. а., ар бир мектепте окутуунун өздүк системасы түзүлгөн.

6. Аталган мектептердин тажрый-басы өлкө боюнча жайылтыла баштаган. Кыргызстанда да алгачкы ушул типтеги мектептер пайда болгон. Фрунзеде физика-математикалык багыттагы № 61, № 9 мектептер ж.у.с. түзүлгөн. Мында деле, негизги окуу программасы өзгөрүүсүз калган. Ошондуктан тиешелүү профиль боюнча кошумча сабактар өткөрүлгөн.

80-жылдардын акырында жалпы билим берүүчү мектептердин мындан ары бул абалда жашашы мүмкүн эместиги айкын болуп калган. Өзгөрүүсүз мамлекеттик программа-ларга кошумча материалдарды кийрүү окуучулар үчүн негизсиз ашыкча окуу жүктөмүн пайда кылган, билим берүүнү башкаруу органдарына, мектептин өздөрүнө да бир топ проблемаларды жараткан.

7. 1987-жылы бүткүл өлкө боюнча окутууну диференцирлештирүү мүм-күндүгү КПСС БКнын пленумунда жогорку деңгээлде кабыл алынган. Бул кардиналдык чечим массалык түрдө гимназиялардын, лицейлердин ж.б.у.с. пайда болуусуна өбөлгө түзгөн. Окуу пландарын жана программаларды өзгөртүүгө түзүлгөн мүмкүндүк ошол кезде билим берүүнү профилдешти-рүүнү уюштуруунун бардык проблемаларын чечүүгө өбөлгө боло тургандай сезилген. Борбордо, Ош шаарында эле эмес, райондордо, айыл-кыштактарда гимназиялар, лицейлер ачыла баштаган. Мисалы, Араванда «Төө моюн», Өзгөндө Таңатаров атындагы лицей, Сузакта «Таштак», Бабур атындагы, Токтогулда «Кызыл-Туу», Ноокатта «Билимкана», Баткен, Кадамжай, Каракулжа, Кара-суу райондорунда лицей, гимназия мектептери, Ош шаарында У.Салиева атындагы № 27 лицей, № 1 гимназия мектеби, № 20 физика-математикалык лицей ж.б. ачылган.

Бирок табигый проблемалар келип чыкты, анткени ошол убактагы маанисиндеги профилдик даярдыкты камсыздоочу мугалимдердин деңгээли өтө жогору болушу талап кылынган, мындай мугалимдер жетиштүү санда жок эле, кайра даярдоону жүргүзүүгө шарттар жок болчу.

Экинчи проблема ЖОЖго өтүү мүмкүндүгү менен байланышкан. Көпчүлүк мектептин

бүтүрүүчүлөрү эптеп эле ЖОЖдорго өтүүгө умтулушат (анткени аскерден бошотулат), репетиторлук өрчүйт, окуучуларга ашыкча жүк жүктөлөт. Натыйжада профилдүүлүктүн өнүгүшү эреже катары ЖОЖго даярдоо менен трансформацияланат. Чындыгында тигил же бул адистик, профиль эмне экендигин аңдап түшүнүүнүн ордуна, көбүнесе, окуучулар ЖОЖго тапшыруу үчүн керек болгон предметтерди тандашат.

Дагы бир белгилей кетчү проблема бар. Акыркы жылдары ата-энелердин да, мектептердин да финансылык мүчүлүштүктөрүнөн улам китептерден жана окуу колдонмолордон маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү кыйла төмөндөп кеткендигинен «маалыматтык ачкачы-лык» пайда болду.

8. 90-жылдары Россияда инсанга багытталган окуу пландарын иштеп чыгуу менен (индивидуалдуу окуу планы, анын методикалык камсызда-лышы, тиешелүү пландын жүзөгө ашырылышы үчүн шарттардын түзүлүшү), окутууга көп деңгээлдүү мамиле түзүү башталган, айрым предметтер тереңдетилип окутулуучу тайпалар түзүлүп, тандоо сабактары кийрилген. Аналогиялуу жумуштар Кыргызстандын билим берүү система-сында да жүргүзүлгөн.

9. Бул багытта башка өнүккөн мамлекеттерде жүргүзүлгөн иштерге да азыноолак токтололу. Мисалы, АКШда профилдик окутуу 12 жылдык мектептин акыркы 4 классында жүргүзүлөт. Кээ бир учурларда окуучу мамлекеттик мектепти бүтүргөн соң, абройлуу университеттерге өтүү максатында кошумча 1-2 жылга менчик мектептерге киришет. Мисалы, Филипс академия-сында (улуу Дж. Буш бүткөн мектеп) ондогон профилдер боюнча окутуу жүргүзүлөт: балет, ырдоо, математика, табигый илимдер, информатика (computer science) ж.б.

Австро-германдык тажрыйбада уни-верситетке кирүүчүлөр гимназияны бүтүрүшү зарыл (экзаменсиз уни-верситетке кабыл алынат). Гимна-зиялар классикалык үлгүдөгү билим берет. Бул жерде америкадагыдай кеңири профилдештирүү болбосо да, гуманитардык илимдер, социалдык илимдер, математикалык-техноло-гиялык илимдер сыяктуу профилдер бар.

Профилдик окутуу — бул жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарындагы окутууну индивидуал-даштырууга жана окуучуларды (билим алуучуларды) социалдаштырууга багытталган атайын даярдыктын системасы. Ал эмгек рыногунун реалдуу муктаждыктарын да эсепке алат. Бул система негизги жалпы билим берүүнүн бекем базасына таянып түзүлөт. Профилдик окутууда кандайдыр конкреттүү адистикке даярдоо жөнүндө эмес, предметтик областтагы билимди пайдаланууга байланыштуу ишмердикке даярдык жөнүндө сөз жүрөт.

Профилдик окутууну жүзөгө ашы-руунун стратегиясы эки деңгээлди бөлүп көрсөтүүнү карайт: жалпы билимдик деңгээл жана кесиптик деңгээл.

Жалпы билимдик деңгээл - окуучулардын жалпы функционалдык сабаттуулугун жана маданиятын, алардын социалдашын калыптан-дырат. Жогорку класстын ар бир окуучусуна окуу дисциплиналарын үйрөнүүнүн өздүк (жеке) билим алуу траекториясын түзүү мүмкүндүгү берилет.

Профилдик деңгээл - жалпы билим берүүчү программаларынын уланма-луулугун камсыздайт, окуучулардын өз алдынчалыгын жана таанып билүү ишмердигинин үлүшүнүн олуттуу көбөйүшүн шарттайт.

Профилди тандап алууга окуучуга багыт берүүчү көрсөтмөлөр зарыл. Алар диагностиканын маалыматта-рынын негизинде билим алуунун өздүк траекториясын түзүүгө көмөктөшөт. Диагностика төмөнкү багыттарды ичине алат:

- кийинкилигинде окуучунун окуу ишмердигинин мүнөзүн жана ийгиликтүүлүгүн аныктаганга мүмкүн-дүк берүүчү кызыгуулардын, жөндөм-дүүлүктөрдүн диагностикасы;
- билим берүү областтарынын тиешелүү программаларында каралган окуу материалын окуучулардын өздөштүрүүсү ийгиликтүү болушунун божомолу (прогноз);
- өздүк билим алуунун профи-лин өз алдынча тандоого окуучунун даяр болушунун диагностикасы.

Мындан билим алуунун жеке траекториясын түзүү үчүн окуучулар жөнүндө маалыматтардын базасы топтолгон болушу керектиги келип чыгат.

Адистештирилген билимди өнүк-түрүүнүн эң маанилүү принцип-теринин бири бул профилдик предметтерди тереңдетип окутуу. Бирок, дисциплиналардын интеграциясы прин-циби да өтө маанилүү. Мисалы: молекулалык биология же информа-тиканы пайдалануучу атайын курстар ж.б.

Профилдик да, адистештирилген да билим берүү бирдиктүү жалпы билимди жокко чыгарбайт, аны өнүктүрөт. Жалпы (толук) орто билим окуучу-лардын функционалдык сабаттуулугун, социалдык адаптациясын камсыздоого, алардын коомдук жана атуулдук өзүн-өзү аныктоосуна өбөлгө болууга милдеттүү. Бул функциялар өзүнүн атуулдук укуктарын жана милдеттерин аңдап сезген, тандап алган турмуш жолунун потенциалдуу мүмкүнчүлүк-төрүн, ресурстарын жана жүзөгө ашыруу жолдорун айкын көрө алган социалдык сабаттуу жана социалдык мобилдүү инсанды калыптандырууга багыт алган максатты аныктайт. Аталган максаттарга орто мектептин жогорку класстарында профилдик окутууну кийрүү менен эффективдүү жетишүүгө болот.

Профилдик окутууга өтүү:

- жогорку класстарда окутуунун мазмунун диференцирлөөгө, индивидуал-дуу окуу программаларын түзүүгө, айрым окуу предметтерин терендетип окутууга, түрдүү категориядагы окуучуларга толук кандуу билим алууга тең мүмкүндүк берүү үчүн шарттарды жаратат;

- жалпы жана кесиптик билимдердин арасындагы уланмалуулукту камсыздайт (орто, жогорку кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө бүтүрүү-чүлөрдү даярдайт).

Базалык жана профилдик окуу дисциплиналарынын түрдүү айкалыш-тарынын тандоо жана окуу убактысынын нормативдерин эсепке алуу менен ар бир билим берүүчү мекеменин, ал эми принцибинде ар бир окуучунун өздүк окуу планын түзүп алууга укугу бар. Мындай мамиле билим берүү мекемелерине профилдерди уюштуруу-га, ал эми окуучуга жыйынтыгында анын билим алуу траекториясын түзгөн профилдик жана элективдик курстарды тандоого кеңири мүмкүн-чүлүктөрдү жаратат.

Бүгүнкү күндө мектептерибизди окуулуктар менен камсыздоо масе-леси жетишерлик деңгээлде чечилбей келет. Сөз базистик окуу планынын предметтери жөнүндө болуп жатат. Ал эми профилге тиешелүү б.а., профилдик даярдыкты жүзөгө ашыруучу предмет-тердин жана элективдүү курстардын программаларын жана окуу методикалык материалдарын түзүү маселеси ачык бойдон калууда. Аларды мугалимдер өздөрү иштеп чыгууга тийиш. Бирок тажрыйбанын жетишсиздиги маселени бир кыйла татаалдатат.

Ушул кезге чейин өзүбүздө болгон профилдик окуунун (гимназия, лицей-лер ж.у.с. мектептердин) тажрый-басына таянсак, мугалимдер өзү окуткан окуу дисциплинасынын чегинде гана окуучуларда билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калып-тандырууга мүмкүндүк берген предметтик курстарды иштеп чыкканга артыкчылык беришет. Конкреттүү бир кесипти тандоого багыт бере турган курстар жокко эсе, ал эми предметтер аралык курстар болсо, бирин-экин гана иштелип чыккан.

Математика мугалимдеринин миса-лында курстардын эң эле кеңири таралган темаларын атап өтөлү: «Теңдемелер жана барабарсыздыктар», «Параметрлүү теңдемелер жана барабарсыздыктар», «Модулду карма-ган теңдемелер жана барабарсыз-дыктар», «Функциялар жана график-тер», «Ыктымалдыктар теориясынын жана статистиканын элементтери» ж.б.

Албетте мугалимдердин мындай аракетин түшүнсө болот. Аларда окуу убактысынын ар кандай үзүмүн өз предметин колдоого жумшаганга аракеттенишет. Чынында эле, окуу-чулар программалык материалдарды өз деңгээлинде өздүштүрө албай жаткан-да, башка материалды окутуу менен алектенгенден эмне майнап чыгышы мүмкүн? Ошого карабастан элективдүү курстардын кайдан, эмне үчүн пайда болгондугун, кандай максат менен окуу планына кийрилгендигин, эмне үчүн окуучуга тандап алуу мүмкүндүгү берилгендигин так аңдап түшүнүү зарыл. Бул жагдайда олуттуу проблема болуп тиешелүү окуу-методикалык камсыздалышты жара-туу, эң негизгиси билим берүү реформасын жүргүзүү үчүн эң зарыл окуулуктарды, колдонмолорду түзүү эсептелет. Алардын ичинде профилге туура келген элективдик курстардын программаларынын жана аларды өткөрүүгө керектүү материал-дардын түзүлүшү мугалимдер үчүн да, окуучулар үчүн да зор өбөлгө болуп, профилдик окутуунун сапатын көтө-рүүгө зор көмөк болмок.

Элективдүү курстар окуу процессин актуалдаштыруунун жана индивидуал-даштыруунун жаңы механизмдеринин бири. Ал окуу планындагы жаңы элемент. Элективдүү курстар биринчи кезекте - бул окуучуларга тигил же бул предметке карата кызыгууну өнүк-түрүүгө жана өзүнүн кесиптик шыктуулугун аныктоого мүмкүндүк берүүчү тандоо сабагы болуп эсептелет. Элективдүү курстар профилдин мазмунун толуктоо аркылуу окуучунун ар тараптуу таанып билүү кызыгуу-ларын канаттандырууга мүмкүндүк берүүчү жалпы билим берүүчү программалардын чегиндеги жана андан тышкары ар кандай темага тиешелүү болушу ыктымал.

Элективдүү курстардын программа-ларын төмөнкү критерийлер менен баалоого болот:

- мазмундун актуалдуулугу, билим берүүнүн жалпы максаттарына шай-кештиги;
- мотивациялык потенциал;
- коюлган максаттардын диагности-калуулугу жана процессуалдуулугу,
- мазмунунун коюлган максаттарга ылайыктуулугу;
- мазмундун системдүүлүгү;
- дифференцирленген мамиленин колдонулушу;
- билим берүү процессинин мазму-нуна жана анын бардык субъекттеринин психологиялык-педагогикалык өзгөчө-лүктөрүнө адекваттуу педагогикалык технологиялардын колдонулушу;
- практикалык багытталгандык;
- программанын көзөмөлдөнүүчү-лүгү;
- убакыт жагынан программанын реалдуу болушу;
- программанын дидактикалык түзүлүшүнүн туруктуулугу.

Профилдик окутууну талаптагыдай жүргүзүү үчүн алды менен төмөнкү милдеттердин аткарылышы керек:

- мектептин жогорку класста-рында мазмуну профилдик дифферен-цация жүргүзүү максатка ылайыктуу деп эсептелген окуу предметтеринин тизмегин негиздөө;

- окутуунун спецификалык мил-деттерине туура келген профилге багытталган курстар үчүн конкреттүү профилдерди аныктоо;

- айрым окуу предметтери боюнча зарыл болгон профилдик багытталган курстарды негиздөө.

- бул курстардын программаларын иштеп чыгуу.

**Адабияттар**

1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары) КРнын ББ ж ИМ, КББА.-Бишкек, 2006.

2. Бекбоев И. 12 жылдык билим - билим берүү дүйнөлүк интеграцияга карай жол /Кут билим, 2007-ж., № 44.

3. Мамбетакунов Э. Орто мек-тептерде табыйгый илимдердин неги-зин окутуу //Мектеп, 2000, №1. 10-15-66.

4. Улуттук куррикулум (үзүндүлөр) /Кут билим, 2007, № 29-30.